| | | |
|---|---|---|
| 3.3 | **Материалдык-техникалык базаны жана маалыматтык ресурстарды жакшыртуу боюнча ишти топтоо,баалоо, талдоо жана пландоо механизминин болушу** | Материалдык-техникалык базаны, маалымат ресурстарын жакшыртуу боюнча ишти топтоо педагогикалык кеңеште каралат: Мектеп жетекчилиги материалдык базада кандай кемчиликтер бар экендигин аныктап, мектеп кызматкерлеринин, ата-энелердин сунушун эске алып, демөөрчүлөрдү, мамлекеттик каражаттарды, ата-энелерден, жергиликтүү бюджеттен жардам көрсөтүү боюнча каражат сурайт. Материалдык базаны чындоодо кемчиликтер аныкталгандан кийин педагогикалык кеңешке сунушталып, кандай каражат, ким тарабынан каржыланышы мүмкүн экендигин каралат, демөөрчүлөр изделип, ишке ашырууга бардык аракеттер көрүлөт.<br>Пландаштырылган иш боюнча талдоо боюнча комиссия түзүлүп, анын баасын, ким ишти алып барат, жооптуу адамдар бекитилет. Акча каражаты табылгандан кийин негизги жумушту техникалык кызматкерлер алып барат, ал эми жетекчилигин мектеп директору, чарба иштери боюнча директордун орун басары алып барат.<br>2020-жылы мектеп косметикалык ремонттон атайын комиссиянын жардамы менен жогорку деңгээлде ремонт ишин жүргүзгөн. Мектеп ичин жашылдандыруу толук колго алынган. Мамлекет тарабынан берилген каржаттардан сырткары демөөрчүлөр жана жергиликтүү бюджеттен каралган акча болуп ---------- миң сомго ремонт иши аткарылган.<br>2020-жылы мектептин фасадын оңдоо жана таш залынын кафелин алмаштыруу боюнча иш план иштелип чыккан. Мектептин алдында ар кандай иш-чараларды уюштуруу, окуучулардын танапис убагында эс алуусуна ыңгайлуу фасад уюштуруу негизги максат болгон. Мектептин сыртын жашылдандыруу толук колго алынган.<br>Бул боюнча план ишке ашып ---------- мин сомго ремонт иштери жүргүзүлгөн.<br>2021-жылга 1-4-класстарга дене тарбия сабагы үчүн футбол аянтча курулган.Бирок **газон** төшөлө элек . |
| | | **Күчтүү жактар:**<br>1. Мектепте каржыланган акча каражаттарынын ачык-айкындуулугу.Маалыматтар тактага чагылдырылат жана базада сакталат<br>2. Мектептин жетишкендиктери менен кыйынчылыктарын ата -энелер менен бирдикте талкулоо . Көпчүлүк учурда ата энелердин колдоосу, балдарынын билим алуусуна кызыкдар болушу.Ата-энелер, демөөрчүлөр менен тыгыз байланышта болуусу.<br>3. Мектеп жамаатынын, окуучулардын сунушу, пикири эске алуусу.<br>4. Ашкананын ысык тамак берүү үчүн бардык каражаттар менен камсыз болушу.<br>5. Ак-Чий айыл өкмөтүнүн жергиликтүү кенеши тарабынан мектеп көп учурда колдоого алынгандыгы<br>6. Мектептин техникалык базасынын чындыгы |

| | | |
|---|---|---|
| | | |
| | | **Алсыз жактар:**<br>1. Техникалык каражаттардын жетишсиздиги<br>2. Спорт залдын жоктугу<br>3. Жаңы инновациялык технологиялардын эскилиги, жетишсиздиги.<br>4. Атайын техника менен иш алып баруучу адистин жоктугу.<br>5. Лабораториялык куралдардын жоктугу.<br>6. Спорт площадканын талапка жооп бербөөсү |